# КЕСИПТИК МАДАНИЯТТЫ КАЛЫПТАНДЫРУУДАГЫ ПЕДАГОГИКАЛЫК БААЛУУЛУКТАРДЫН РОЛУ

**Жантаев А.С., Жантаева Н.С.**
*Жантаев А.С. ф.и.к., проф. м.а., С. Нааматов атындагы НМУ, Нарын ш.*
*Жантаева Н.С. магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ, Нарын ш.*

***Аннотация.*** *Макалада илимий адабияттарды талдоонун негизинде педагогикалык баалуулуктар педагогдун кесиптик маданиятын калыптандыруунун шарты катары ачылышат, коомдук-педагогикалык баалуулуктардын классификациясы берилет, педагогдун кесиптик маданиятынын мазмундук негизин түзүүчү баалуулуктар талданышат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *педагогдун кесиптик маданияты, педагогикалык баалуулуктар, баалуулуктар-максаттар, баалуулуктар-каражаттар, баалуулуктар-мамилелер, баалуулуктар-билимдер, баалуулуктар-сапаттар.*

***Аннотация.*** *В статье на основе анализа научной литературы раскрываются педагогические ценности как условие формирования профессиональной культуры педагога, даётся классификация общественно-педагогических ценностей, анализируются ценности, образующие содержательную основу профессиональной культуры педагога.*

***Ключевые слова:*** *профессиональная культура педагога, педагогические ценности, ценности-цели, ценности-средства, ценности-отношения, ценности-знания, ценности-качества.*

***Abstract.*** *Pedagogical values are revealed in the article on the basis of the analysis of scientific literature as a condition for the formation of a professional culture of the teacher, the classification of social and pedagogical values is given, values that form the substantive basis of the professional culture of the teacher are analyzed.*

***Key words:*** *professional culture of the teacher, pedagogical values, values-goals, values-means, values-attitudes, values-knowledge, values-quality.*

Аксиологиялык өңүттө педагогдун кесиптик маданиятынын негизин педагогдор өз жашоосун жана педагогикалык ишмердүүлүгүн алар менен катыштыруучу салыштырмалуу туруктуу багыттар катары чыгуучу педагогикалык баалуулуктар түзүшөт. Педагогикалык баалуулуктардын маанисинин жогорулоосу төмөнкү жагдайлар менен чакырылган:

- биринчиден, педагог-тарбиячынын инсанынын чыгармачылык дараметинин дал баалуулуктук компоненти анын кесиптик маданиятын, тандаган кесибине жарактуулугун, анын кесиптик турумун, окуу-тарбия ишин жүргүзүүгө даярлыгын жана жөндөмдүүлүгүн көп жагынан аныктайт. «Жалпы адамзаттык баалуулуктардын – жакшылык менен сулуулуктун, адилеттүүлүк менен пардын, теңдик менен абийирдин – педагогикалык баалуулуктар өрүмүнө чырмалуусу анда педагогикалык билим берүүнүн мазмуну иштелип чыгуучу негизди түзөт» [5, с.65];

- экинчиден, кийинки жылдардагы кырдаал педагогдордун инсанынын чыгармачылык дараметинин баалуулуктук компонентин өнүктүрүү, алардын кесиптик маданияттын баалуулуктук табиятын аңдаштыруусу өтө татаал жараян болуп саналарын күбөлөндүрөт. Бул биздин коомдогу баалуулуктар менен идеалдар жөнүндөгү маселе – баалуулуктар жөнүндө тактыгы жетишсиз элестетүүлөрдөн улам эң талаштуу экени менен байланышкан, бул өз артынан жаңы идеалдарды, маанилик багыттарды, баалуулуктук багыт алууларды оор издөөнү ээрчите келет;

- үчүнчүдөн, «педагогикалык билим берүүнүн жана педагогикалык кесиптин социалдык баркынын төмөндөөсүнө апкелген, азыркы педагогдун дүйнөтүюму менен менталитетине терс таасир көрсөткөн өлкөдөгү азыркы социомаданий жана экономикалык кырдаал», педагогдун кесиптик маданиятын калыптандыруу көйгөйүн педагогикалык билим берүүнүн актуалдуу көйгөйлөрүнүн бирине айлантат [8].

Кийинки кездерде окумуштуу-изилдөөчүлөр педагогикалык билим берүүнүн аксиологиялык маселелерине көп көңүл бөлүшкөнүн белгилөө керек. Жалпы билим берүүнүн аксиологиялык артыкчылыктары Л.М. Архангельскийдин, М.В. Богуславскийдин, С.Г. Вершловскийдин, В.З. Вульфовдун, И.Ф. Исаевдин, Б.Т. Лихачевдин, Н.Д. Никандровдун, З.И. Равкиндин, Г.И. Чижакованын, Е.Н. Шияновдун ж.б. эмгектеринде ачылган. Изилдөөлөр педагогикалык аксиологиянын түптөлүүсүнө жана өнүгүүсүнө арналган, ал билим берүүнү, тарбиялоону, окутууну, педагогикалык ишмердүүлүктү негизги адамзаттык баалуулуктар катары кароочу билимдин дисциплина аралык аймагын берет [5, с.66]. Профессор Т.М. Сияев менен изденүүчү А. Айтбай кызынын ою боюнча «Акыркы мезгилде гуманисттик психология илиминде адамдын баалуулуктар системасына эң жогорку ролду беришүүдө» [10, 68-б.].

Көрсөтүлгөн эмгектерде баалуулуктарды классификациялоого карата түрдүү мамилелер келтирилет. Алсак, мисалы, З.И. Равкин билим берүүчүлүк баалуулуктарды билим берүүнүн жана анын субъектилеринин ишмердүүлүгүнүн өнүгүүсүнүн негиздери катары классификациялоону сунуштайт да, баалуулуктардын төрт тобун ажыратат: социалдык-саясий, интеллектуалдык, адептик баалуулуктар жана кесиптик-педагогикалык ишмердүүлүктүн баалуулуктары. Б.Т. Лихачев башкы тарбиялык баалуулуктар катары руханий-космостук, жалпы улуттук, мамлекеттик-коомдук, социалдык-адаптациялык, адептик-эстетикалык жана экологиялык, жекече-инсандык баалуулуктарды атайт. Г.И. Чижакова мындай баалуулуктар инсандын аң-сезими менен жүрүм-турумунун багыт алуусунун үлгүлөрү болуп саналат деп ырастайт да, доминанталык, ченемдик, түрткүлөөчү жана коштоочу баалуулуктарды ажыратат. С.Г. Вершловский студент жаштардын кесиптик билим алууларына арналган изилдөөсүндө, жалпы кесиптик баалуулуктарды аныктап, аларга кесиптик ишмердүүлүктүн мазмунун жана аны менен шартталган инсандын өзүн ишке ашыруу мүмкүндүгүн; эмгектин коомдук маанилүүлүгүн; адамдын эмгек ишмердүүлүгүн анын коом үчүн пайдалуулук даражасына жараша баалоону; эмгектин оптималдуу режими менен шарттарын (социалдык-экономикалык, моралдык-психологиялык ж.б.) кошот.

Заманбап илимий-педагогикалык ишмердүүлүктөгү баалуулуктардын мааниси жөнүндө айтып, академик Д.И. Фельдштейн баса белгилейт: «Бүгүн билим берүүнүн жаңы …принциптерде озуучу өнүгүү стратегиясынын концепциялык негиздерин түзүүгө багытталган изилдөөнү уюштуруп жатып, эртеңки күндүн чакырыктарына багыт алып, адептик багыттар менен баалуулуктарды орнотууга, өсүп жаткан адамдардын руханий дараметин өстүрүүгө өзгөчө көңүл бөлүү керек» [12, с.8].

Россиялык жана америкалык окумуштуулардын педагогдордун баалуулуктук багыт алуулары көйгөйү боюнча биргелешкен изилдөөсүндө тар кесиптик-педагогикалык баалуулуктардын төмөнкү классификациясы сунушталган: «педагогдун кесиптик макамын ачуучу баалуулуктар; инсандын педагогикалык кесипке тартылгандык даражасын көрсөтүүчү баалуулуктар; педагогикалык ишмердүүлүктүн максаттарын чагылтуучу баалуулуктар» [5, с.67].

Ушул классификациянын негизинде Е.Н. Шиянов төмөнкү баалуулуктарды бөлүп көрсөтөт: коомдо, жакынкы курчап турган чөйрөдө бекемделүүгө байланышкан баалуулуктар; баарлашууга керектөөнү канааттандыруу менен байланышкан баалуулуктар; өзүн өркүндөтүү менен байланышкан баалуулуктар; өзүн билдирүү менен байланышкан баалуулуктар; утилитардык-прагматикалык талаптар менен байланышкан баалуулуктар" [14, с.87–88].

Ал ошондой эле педагогдун ишмердүүлүгүнүн гуманисттик маңызын билдирүүчү баалуулуктарды максаттык жана шаймандык деп бөлүштүрөт. Педагогикалык баалуулуктар тиешелүү ишмердүүлүктүн шарты менен натыйжасы болуп саналарын, мында түрдүү бар болуу даражасына ээ болорун эске алып, ал аларды төмөнкү топторго бөлөт: коомдук-педагогикалык, кесиптик-тайпалык, жекече-инсандык.

Колдо бар классификациялардын негиздерине жараша, баалуулуктардывн ар кыл топтору аныкталат:

а) биздин баалоолордун объектилери катары баалуулуктар-предметтер жана өздөрү баалоолордун чен-өлчөмдөрү, эталондору болуп саналуучу баалуулуктар-маанилер [4, с.44];
б) материалдык, социалдык жана руханий (таанымдык, илимий, эстетикалык, көркөмдүк, моралдык ж.б.у.с.) баалуулуктар [1, с.6];
в) жүрүм-турумга катышуу жана аны жөндөө мүнөзү боюнча – баалуулуктар-максаттар, баалуулуктар-ченемдер, баалуулуктар-идеалдар, баалуулуктар-каражаттар [9, с.48];
г) адамдын ишмердүүлүгүнүн түрүнө жараша баалуулуктар кесиптик, саясий, эс алуу ж.б.у.с. баалуулуктары болуп бөлүнүшөт.

Ошентип, жалпы жана кесиптик педагогикалык баалуулуктардын классификацияларын талдоодон чыгып, кесиптик-педагогикалык маданияттын түзүмүндө педагогикалык баалуулуктардын төмөнкү топторун ажыратууга болот [5, с.69]:

1-топ – педагогдун кесиптик-педагогикалык ишмердүүлүгүнүн максаттарынын мааниси менен маңызын ачуучу баалуулуктар (баалуулуктар-максаттар);

2-топ – кесиптик-педагогикалык ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруунун ыктары менен каражаттарынын маанисин ачуучу баалуулуктар (баалуулуктар-каражаттар);

3-топ – бүтүн педагогикалык ишмердүүлүктүн кызмат өөтөөсүнүн негизги механизми катары мамилелердин мааниси менен маңызын ачуучу баалуулуктар (баалуулуктар-мамилелер);

4-топ – педагогикалык ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу жараяныңдагы психологиялык-педагогикалык билимдердин мааниси менен манызын ачуучу баалуулуктар (баалуулуктар-билимдер): инсандын жана ишмердүүлүктүн калыптануусу жөнүндө теориялык-методологиялык билимдер, педагогикалык жараяндагы жетектөөчү идеялар менен мыйзам ченемдүүлүктөрдү билүү, окуучулардын психологиясын билүү ж.б.;

5-топ – окутуучунун инсанынын сапаттарынын мааниси менен маңызын ачуучу баалуулуктар (баалуулуктар-сапаттар). Педагогикалык баалуулуктардын аталган топтору кесиптик-педагогикалык маданияттын мазмундук негизи, өзөгү катары тутумду түзүшөт.

Демек, педагогдун кесиптик-педагогикалык ишмердүүлүгүн жөндөөчү ченемдер катары педагогикалык баалуулуктардын жыйындысы, бүтүн мүнөз күтөт да, анын кесиптик билим берүүнүн жана кесиптик-педагогикалык ишмердүүлүктүн көйгөйлөрүнө карата түптөлгөн көз караштарынын ортосундагы мамилелерди аныктоочу таанымдык-аракеттик тутум катары чыгат деп ырастоого болот [5, с.64].

Педагогикалык баалуулуктардын педагогдун кесиптик маданиятын калыптандыруу жараянына таасир кылуу өзгөчөлүктөрүнүн мазмунун кыскача ачалы. Окуучунун инсанына жана өзүнүн педагогикалык ишмердүүлүгүнө карата кесиптик-баалуулуктук мамилени калыптандыруу жалпы эле адам инсанынын баалуулуктарын, анын руханий маңызын, реалдуу жана дараметтүү мүмкүнчүлүктөрүн терең андаштыруунун негизинде гана жүзөгө ашырыла алат. Педагогикалык ишмердүүлүктүн бийик гуманисттик мүнөзү педагогду даярдоодо кесиптик тарлыкка жол берилгис кылат, анын баалуулуктук багыт алууларынын түзүмүндө жалпы адамзаттык жана кесиптик баалуулуктардын өз ара өтүшүүсүн талап этет.С.О. Байгазиев азыркы педагог «…жалпы адамзаттык баалуулуктарга жана жаңы инновациялык сапаттарга ээ болуусу» [2, 300-б.] керектигин айтат.

Кесиптик ишмердүүлүккө карата мамилени көбүнчө инсан үчүн эмгек ишмердүүлүгүнүн маанисин билдирүүчү, анын керектөөлөрү менен ага катышуу мотивдерин мүнөздөөчү кесиптин баалуулуктарына багыт алуу катары карашат. Ар бир кесип жалпы дагы, ошол ишмердүүлүк үчүн гана мүнөздүү дагы баалуулуктарды камтуучу өз баалуулуктарынын жыйындысына ээ болот. Көп сандаган изилдөөлөрдүн негизинде ар кыл кесиптердин өкүлдөрү үчүн жалпы болгон баалуулуктар бөлүнүп каралган, алардын ичине кесиптик ишмердүүлүктүн мазмуну жана аны менен шартталган инсандын өзүн ишке ашыруу мүмкүндүгү (кызыкчылыктар менен жөндөмдүүлүктөргө шайкештик, эмгектеги чыгармачылык, өзүн өркүндөтүү мүмкүндүгү); эмгектин коомдук маанилүүлүгү (адамдарга жана коомго пайдалуулугу); адамдын эмгек ишмердүүлүгүн анын коом үчүн пайдалуулук даражасына жараша баалоо, кесиптин социалдык макамы (айланадагылардын сыйлоосу, коомдук таанылуу); эмгектин режими менен шарттарына: социалдык-экономикалык (эмгектин мүнөзү, эмгек үчүн акы төлөө жана сыйлоонун башка түрлөрү), моралдык-психологиялык (инсан аралык баарлашуу, ийгиликтерге жетишүү, кесиптик өсүү мүмкүнчүлүктөрү) ж.б.у.с. киришет [11, с.102–104].

Педагогдун баалуулуктук багыт алуулар тутумунда кесиптик баалуулуктарга багыт алуулардын чечүүчү ролу изилдөөлөрдүн бүтүндөй бир катарында тастыкталган, аларда педагогикалык жождун студенттеринин кээ бир кесиптик маанилүү баалуулуктук багыт алууларынын бөтөнчөлүгү иликтенген жана аларды калыптандыруунун мүмкүн болгон жолдору менен ыктары белгиленген. Педагогдун кесиптик маданиятынын мазмундук негизин түзүүчү баалуулуктардын көбүрөөк толук тутумун И.Ф. Исаев бөлүп көрсөткөн, ал ага баалуулуктардын болуусунун эки тегиздигин кошот: горизонталдык (баалуулуктар-максаттар, баалуулуктар-каражаттар, баалуулуктар-билимдер, баалуулуктар-мамилелер жана баалуулуктар-сапаттар) жана вертикалдык (коомдук-педагогикалык, кесиптик-тайпалык жана жекече-инсандык баалуулуктар) [6, с.64–65]. Ошондуктан кесиптик баалуулуктарды ар кандай бөлүштүрүү жетишерлик шарттуу, анткени аларды бүтүндүктүү ыйгаруу жараянында гана тутумдуу инсандык курулма катары кесиптик баалуулуктук багыт алуулардын түптөлүүсү жүзөгө ашат.

Педагогикалык билим берүүнүн максаттары мотивдер менен аныкталат, аларда берилген ишмердүүлүктүн керектөөлөр иерархиясында үстөмдүк кылуучу абалды ээлешкен жана чебер-кесипкөй катары педагогдун инсанынын «өзөгүн» түзүшкөн керектөөлөр конкреттештирилет. Аларга биз өзүн аныктоо, өзүн өнүктүрүү, өзүн ишке ашыруу жана башкаларды өнүктүрүү керектөөлөрүн киргизебиз.

Ар кандай башка ишмердүүлүк өңдүү эле, педагогикалык ишмердүүлүк максатка багытталган, ал эми «адам ишмердүүлүгүн максаттык аныктоо – бул баалуулуктук аныктоо. Максаттар адам ишмердүүлүгүнө …аларды ишке ашырууну адам өзүнүн күнүмдүк керектөөсү деп эсептеген идеалдуу баалуулуктар катары таасир кыла алышат» [13, с.8].

Ошентип, объективдүү баалуулуктар-максаттар, коомдун таламдары менен педагогика илиминин абалын чагылтышып, субъективдешип, педагогдун баалуулуктар-каражаттарды тандоосун, баалуулуктар-мамилелерди, баалуулуктар-сапаттарды жана баалуулуктар-билимдерди калыптандыруусун аныкташат.

«Баалуулуктар-каражаттар тутуму өзүнө үч өз ара байланышкан тутумчаларды камтыйт: 1) кесиптик-билим берүүчүлүк, тарбиялык жана инсандык-өнүктүрүүчүлүк милдеттерди чечүүгө багытталган иш-аракеттер тутумчасын (окутуу жана тарбиялоо технологиясы); 2) инсандык жана кесиптик багытталган милдеттерди чечүү үчүн зарыл психологиялык атмосфераны түзүү менен байланышкан коммуникациялык иш-аракеттердин тутумчасын (баарлашуу технологиясы); 3) кесиптик ишмердүүлүккө жана педагогикалык баарлашууга карата окутуучунун субъектилик турумун ачуучу иш-аракеттер тутумчасын» [5, с.72].

Педагог менен студенттердин өз ара аракеттешүүсүнүн негизин педагогикалык баарлашуу түзөт. Окумуштуулар баарлашууну «субъект-субъектилик» мамилелер катары карашат, алар окуу жараянына гуманисттик багытталгандык берип, анын диалогдук формаларын аныкташат.

Реалдуу баарлашуу жараянында педагог же субъект-субъектилик, же субъект-объектилик турумду ээлей алат да, педагогдун педагогикалык маданиятын калыптандыруу педагогикалык баарлашуу технологиясына ээ болууну болжойт, ал эми баалуулуктар-каражаттарды ийгиликтүү ишке ашыруу өзүмдүк ишмердүүлүк концепциясынан сырт мүмкүн эмес, анын негизинде объективдүү максаттардын, ошондой эле психологиялык-педагогикалык билимдердин маанилүүлүгүн аңдоо жатат.

Педагогдун кесиптик ишмердүүлүгүнүн маңызы максаттар-баалуулуктарга жана алар менен байланышкан максаттар-каражаттарга, максаттар-билимдерге ээ болуунун (субъективдештирүүнүн) жана кайтарып берүүнүн, түзүүнүн (объективдештирүүнүн) карым-катнашы менен аныкталат. Ушул карым-катнаштын ченипедагогдун өзүнө, өз ишмердүүлүгүнө, студенттерге, кесиптештерине баалуулуктары-мамилелеринин тутумунан, б.а. анын кесиптик турумунан көз каранды болот.

Инсандын бүтүндүгүн, туруктуулугун камсыздоого, анын аң-сезимин байытууга жана жүрүм-турумун жөндөөгө жөндөмдүүлүк адамдын мамилелеринин өзгөчө мүнөзү менен байланышкан, аны В.Н. Мясищев интегралдуу деп атайт: адам өзүнүн кайсы бир жеке органы менен мамиле кылбайт, «адам бир нерсеге инсан катары, жалпы субъект катары мамиле кылат» [7, с.143]. В.Н. Мясищев мамилелердин аң-сезимдүүлүгүн, алардын маани түзүүчү мүнөзүн баса белгилейт. Мамиле инсандын белгилүү бир көрүнүштөрдү баалуу же баасыз катары аңдоосун, алар жөнүндө белгилүү бир болжолдорду иштеп чыгуусун, демек, ошол көрүнүштөрдүн маанисине, маңызына сүңгүүсүн болжойт. Коомдук ченемдер, талаптар, идеалдар, маданияттын баалуулуктары адам тарабынан инсандык маанилүү катары жекече жана тандама кабыл алынат да, дайыма эле коомдук аң-сезимде иштелип чыккан баалуулуктар менен дал келе бербейт. Билим берүүнүн милдети чынында адам маданиятта өзүн аныктоо жараянында өз баалуулуктар тутумун жалпы адамзаттык, кесиптик ж.б. баалуулуктук тутумдар менен катнаштыруунун негизинде аң-сезимдүү тандоону жүзөгө ашыруусунда жана инсандын өзүн жөндөөсү менен өзүн аныктоосун, анын дүйнө жана өзү менен мамилелеринин гармониясын камсыздоочу баалуулуктук багыт алуулардын туруктуу жана карама-каршылыксыз тутумун калыптандыруусунда жатат. Инсанды кабыл алуу жана интериоризациялоо, социалдык баалуулуктарды «ички мерчемге» көчүрүү жана өзүмдүк баалуулуктук багыт алууларды иштеп чыгуу аңдоонун (когнитивдүү) деңгээлинде гана мүмкүн да, ушул жараяндагы эмоциялардын ролунун активдүүлүгүн болжошот. Инсандын баалуулуктук багыт алуулары тутумундагы жетектөөчү орундардын бирин кесиптик баалуулуктарга багыт алуулар ээлешет, изилдөөчүлөр аларды калыптандырууну жаш адамдын кесиптик өзүн аныктоосунун гана эмес, анын инсанынын жалпысынан калыптануусунун дагы эң маанилүү шарты деп эсептешет.

Ошентип, педагогдун кесиптик-инсандык өзүн аныктоо маданиятынын өзөгүн анын кесиптик-баалуулуктук багыт алуулары менен кесиптик жана инсандык маанилүү ишмердүүлүктүн конкреттүү кырдаалдарынын баалуулуктук-маанилик мазмуну аныктоочу маанилик-турмуштук

багыт алуулар түзүшөт. Ошондуктан, бир жагынан, педагогдун калыптануусуна таасир кылуучу социалдык жана реалдуу билим берүүчүлүк факторлорду жеткире баалабай, аны курчап турган рухансыздыктын татаал атмосферасын, социалдык жана гуманитардык баалуулуктардын жоголуусун эске албай коюу жарабайт. Башка жагынан, педагогикалык билим берүүнүн милдети коомдун педагогикалык маданиятынын таасир этүү чөйрөлөрүн кеңейтүүдө, аны педагогдун кесиптик-инсандык өзүн аныктоосунун негизги мейкиндигине айлантууда турат [8].

«Баалуулуктар тутумунда өзгөчө орунду …окутуучунун инсандык дараметин, анын маңыздык жана кесиптик күч-кубатын ачуучу баалуулуктар-сапаттар ээлешет. Ушуга байланыштуу педагогдун инсанына, анын кесиптик сапаттарын талдоого кайрылуу зарылдыгы жаралат… Педагогдун кесиптик маанилүү сапаттарынын болуу жана өнүгүү өзгөчөлүктөрүн аксиологиялык кызмат катары кароодо биз инсандын жана кесиптик ишмердүүлүктүн табияты менен маңызынан, алардын өз ара мамилелеринин жана болуу шарттарынын бөтөнчөлүгүнөн чыгабыз» [5, с.77].

Объективдүү бар болуучу баалуулуктар (максаттар, каражаттар, мамилелер, сапаттар жана билимдер) тутуму педагогдун аң-сезиминде баалуулуктук багыт алуулардын инсандык тутумун туудурат да, анын кесиптик маданиятын калыптандырат. Ал аң-сезимде жана ойлордо гана эмес, реалдуу кесиптик багытталган иш-аракеттер менен жосундарда да жашаганы маанилүү.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Архангельский Л.М. Ценностные ориентации и нравственное развитие личности. – М.: Знание, 1978. – 64 с.

2. Байгазиев С.О. Педагогикалык руханият. – Б.: Алтын тамга, 2008. – 464 б.

3. Додонов Б.И. Эмоция как ценность. – М.: Политиздат, 1978. – 272 с.

4. Дробницкий О.Г. Мир оживших предметов: Проблема ценности и марксисткая философия. – М.: Политиздат, 1967. – 351 с.

5. Исаев И.Ф. Профессионально-педагогическая культура преподавателя. – М.: Академия, 2002. – 206 с.

6. Исаев И.Ф. Теория и практика формирования профессионально-педагогической культуры преподавателя высшей школы. – М.: Белгород, 1993.

7. Мясищев В.Н. Проблема отношений человека и её место в психологии // Вопросы психологии. – 1957. - №5. –с.142-155.

8. Никитина Н.Н. Становление культуры профессинально-личностного самоопределения учителя: автореф. …дис. д-ра пед. наук: 13.00.08. – Ульяновск, 2003. – 50 с.

9. Саморегуляция и прогнозирование социального поведения личности / под ред. В.А. Ядова. – Л.: Наука, 1979. – 264 с.

10. Сияев Т.М. Айтбай кызы А. Жогорку окуу жайынын педагогунун баалуулуктар системасы // Известия вузов, №4, 2014. – С.64-72.

11. Титма М. Жизненная ориентация как феномен сознания // Формирования молодежного сознания: сб.ст. – Таллин: Изд-во АН ЭССР, 1978. – с.35-58.

12. Фельдштейн Д.И. Задачи психолого-педагогической науки как ресурса развития современного социума// История и педагогика естествознания. – 2012. - №2. – с.3-12.

13. Чавчавадзе Н.З. Культура и ценности. – Тбилиси: Мецниереба, 1984. – 171 с.

14. Шиянов Е.Н. Гуманизация педагогического образования: состояние и перспективы. – М.; Ставрополь: СГПИ, 1991. – 205 с.